"Бекитемин"

Мектеп директору ________ Нуркалиева Н.Б

"14" ________ "сентябрь" ________ 2021-22жыл

**Панфилов районунун А.Осмонов атындагы орто мектебинин**

**Гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин иш планы.**

| Иштелүүчү иштин мазмуну | Убагы | Ким аткарат |
|---|---|---|
| **Кеңешме №1**<br>1. 2020-2021-окуу жылына иштелген ишке анализ берүү. 2. 2021-2022-окуу жылына карата усулдук бирикменин иш планын түзүү.<br>3. Кыргыз тили мамлекеттик тили – жумалыгын өткөрүү.<br>4. Ар түрдүү. | **Сентябрь** | **Учулдук бирикменин мүчөлөрү** |
| **Кеңешме № 2.**<br>5. Окуучулардын өздөштүрүүсүн деңгээлдик тесттер жана текшерүү жана баалоо технологиялары (доклад).<br>6. Баалоонун түрлөрүн декада аркылуу мугалимдерге түшүнүк берүү.<br>7.Окуучуларды интеллектуалдык марафонго даярдоо жана өткөрүү.<br>8. Жазуу иштеринин абалы. | **Октябрь, Ноябрь** | **Таалайбекова Н.Т Усулдук бирикменин мүчөлөрү** |
| **Кеңешме № 3.**<br>9. Деңгээлдерге жараша жүргүзүлүүчү жазуу иштери жана аларга коюлуучу дидактикалык талаптар (доклад).<br>10. Олимпиада өткөрүү, анын жыйынтыгы.<br>11. Предметтик декаданын жыйынтыгы жана анализи.<br>12. Чыгармачыл мугалимдеринин ачык сааттары | **Декабрь** | **Предметтик мугалимдер** |
| **Кеңешме № 4.**<br>13. Окуучулар бири-бирин баалоого үйрөтүү. (доклад).<br>14. Окуучулардын арасында акын-жазуучулар, Манас, дастанчылар, жамакчылардын карoo сынагын жарыялоо<br>15.Таланттуу жана начар окуучулар менен иштөөнүн абалы.<br>16.Ар түрдүү. | **Январь, Февраль, Март** | **Орозалиева М.С Усулдук бирикменин мүчөлөрү** |
| **Кеңешме № 5.**<br>17.Эркин, чыгармачыл жат жазууларда кетирилген каталардын типтери, | **Апрель, Май** | **Карасартова Э.Э Усулдук бирикменин мүчөлөрү** |

| | | |
|---|---|---|
| түрлөрү жана алардын мониторинг жүргүзүү жолдору (доклад).<br>18.Бүтүрүү класстарында кыргыз тили жана адабияты, орус тили жана адабияты сабактары боюнча экзамендик жазуу иштеринин абалы.<br>19.«Бүгүнкү дүйнө, ага болгон менин көз карашым» аттуу гуманитардык багыттагы предметтер боюнча илимий конференция өткөрүү.<br>20. Жаш мугалимдердин ачык сааттары. | | |
| **Кеңешме № 6.**<br>21. 2021-2022-окуу жылында аткарылган иштерди анализдөө, жыйынтыктоо.<br>22. 2022-2023- окуу жылына карата бирикменин планынын долбоорун түзүү. | **Июнь** | **Усулдук бирикменин мүчөлөрү** |

**Кыргыз тили, орус тили, англич тили, тарых, адам жана коом мугалимдеринин өзүн-өзү онуктуруу темасы.**

| № | Аты-жөнү | Маалымат | Өзүн-өзү өнүктүрүү темалары |
|---|---|---|---|
| 1 | Джусупова Бегиайым | орус тили мугалими<br>1969-жыл 25-декабрь<br>Билими: Жогорку МГПИ<br>Стажы 29 | Окуучулардын эркин сүйлөөсүн, ой жүгүртүүсүн калыптандыруу; |
| 2 | Мелисбекова Сезим | Орус тили мугалими<br>1999-жыл 27-февраль<br>Билими: бакалавр БГУ | Окуучуларга суроо-жооп ыкмасы менен билим деңгээлин жогорулатуу; |
| 3 | Нуркалиева Назира | Кыргыз тили мугалими<br>1975-жыл 3-март<br>Билими:магистр<br>Стажы 28 | Кыргыз тили сабагында окуучуларды катасыз жазууга жана адабий тилде эркин сүйлөө менен билим сапатын жогорулатуу |
| 3 | Карасартова Элзат | Кыргыз тили мугалими<br>билими жогорку | Окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө, сөз байлыгын калыптандыруу; |
| 4 | Таалайбекова Насипгүл | Кыргыз тили мугалими<br>1999-жыл 17-октябрь<br>Билими бакалавр | Окуучулардын логикалык ой жүргүртүүсүн калыптандыруу, чыгармачылыкка,ийгиликке шыктандыруу; |
| 5 | Термечикова Гүлзар | Тарых мугалими<br>1989-жыл 2-июнь<br>Билими жогорку | Тарых сабагында билим сапатын жогорулатуу үчүн жаңы технологияларды чыгармачылык менен пайдалануу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Терсечикова Гүлзар | Адам коом мугалими<br>1989-жыл 2-июнь<br>Билими жогорку | Адам жана коом сабагында окуучулардын жарандык аң сезимин<br>калыптандыруу |
| 7 | Орозалиева Миргуль | Англис тили мугалими<br>1981-жыл 31-августь<br>билими жогорку | Англис тили сабагында оозеки сүйлөө речин жогорулатуу |

**Жалпысынан усулдук бирикмесинде:**

**2018-2019** -окуу жылдарында Гуманитардык усулдук бирикмеде 10 мугалим бар, баардыгы жогорку билимдүү.

Бирикменин жетекчиси: Эшматова Элмира Сардарбековна

**2019-2021**-окуу жылында 9 мугалим бар, баардыгы жогорку билимдүү.

Бирикменин жетекчиси: Эшматова Элмира Сардарбековна

**2021-2022**-окуу жылындагы 7 мугалим бар, алардын ичинен 4 жогорку билимдүү, 4өө бакалавр.

Бирикменин жетекчиси: Таалайбекова Насипгүл Таалайбековна

**Жылдык пландын аткарылышы.**

**Гуманитардык усулдук бирикмесинин 2018-2019- жылдык анализи**

**2018-2019-окуу** жылында Гуманитардык усулдук бирикмеде 10 мугалим бар, баардыгы жогорку билимдүү.

Сентябрь айында пландар жазылып, директор тарабынан бекитилди.

Сентябрь айында Мамлекеттик тил күнүно карата бир айлык жарыяланды жана дагы Чыңгыз Айтматовдун 90-жылдыгына карата иш-чаралар жургүзүлдү. Эми тил жана Чынгыз Айтматовдун чыгармачылыгын сыйлоого, окууга, улуу жазуучу менен сыймыктанууга тарбиялоо.

2018-2019-окуу жылында Мамлекеттик тилдин бир айлыгы 19-сентябрда салтанаттуу линейка менен ачылды.Линейкада окуучулар кыргыз тилинин гимни аткаруу менен ачылды. Жаш манасчылар манас эпосунан үзүндү айтышты. Мектеп ичинде эне тилге жана Чыңгыз Айтматоввдун 90 жылдыгына арналган бурч уюштурулуп,стент газеталар чыгарылды. Окуучулар арасында: "Тилим менин дилим" деген темада сынагы болуп өттү.

19-октябрда "Эне тил жана Чыңгыз Айтматов" деген темада адабий кече болуп өттү. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынан сценкалар аткарылды,көркөм окуулар айтылды. Окуучулар тарабынан эне тил жана Айтматовго байланыштуу сүрөттөр тартылып, бурч чакырыктар жазылды. Жакшы көкөм окуу боюнча биринчи орунга 8 "б" классынын окуучусу Азамат уулу Байыш".

2. Улут болсом тилим менен улутмун" аттуу сүрөт көргөзмөсүнүн жеңүүчүсү биринчи орунга 9-класстын окуучусу Мамбеталиева Гүлжан.

3. "Тилим менин дилим" деген темада дилбаяндар сынагынын жеңүүчүсү 7-класстын окуучусу Асанбекова Рахат.

Октябрь айында Панфилов райондук билим берүү бөлүмү тарабынан түзүлгөн айлык пландын негизинде 2018-жылы 25-октябрда тарых мугалимдеринин семинары болуп өттү.

Семинарга райондук билим берүүнүн методисти Ильичбек кызы Бактыгуль, райондогу тарых сабагынын мугалимдери, мектеп жетекчилиги, мугалимдер, окуучулар активдүү катышты.

Семинардын темасы: Кыргызстандын декмократияга карай татаал жолундагы "үч ашуу" же демократиянын "үч толкуну".

## Гуманитардык Усулдук Бирикмесинин 2020-2021- жылдык анализи

**2020-2021-окуу** жылында Бирикменин планы түзүлүп, мектеп директору Нуркалиева Н.Б тарабынан бекитилди. Пландын негизинде иштедик. План боюнча: август айында сааттар бөлүнүп ,класстар жана кабинеттер бекитилди. Сентябрь айынан баштап аралыктан окутулду. Сабактар ар кандай платформаларда мисалы WhatsApp, Zoom , Telegram, Meet , Google формалар менен отулуп жатты. Балдардын мүмкүнчүлүгүнө жана материалдык жактан аз камсыз болгон окуучуларга ылайыкталып көп учурда WhatsApp колдонулду. Мугалимдер тарабынан даярдалган видеосабактар көрсөтүлүп, өз убагында сабактар өтүлүп жатты. . Окуучулардын билим сапаты боюнча маалымат. Бирикменин мугалимдери окуучулардын билим сапаты боюнча ар бир чейрек сайын мониторинг тапшырышат. Жылдын аягында кыргыз, орус, англис, тарых жана адам коом сабактарынын жыйынтыгы болду. Кыргыз тили сабагынан 5-6-7-8-9-10-11-класстардын мониторинги . Орус тили сабагынан 4-5-6-7-8-9-10-11-класстар, англис тили сабагынан 5-6-7-8-9-10-11-класстардын мониторинги тарых, адам жана коом сабагынан 5-6-9-10-11-класстардын жалпы мониторинги көрсөтүлдү.

## Гуманитардык Усулдук Бирикмесинин 2021-2022- жылдык анализи

**2021-2022**-окуу жылында Гуманитардык усулдук бирикмеде 8 мугалим бар, анын ичинен:

Орус тили жана адабияты мугалимдери: Джусупова Бегиайым Бейшеновна билиими жогорку, Мелисбекова Сезим Мелисбековна билими бакалавр.

Англис тили мугалими: Орозалиева М.С билими жогорку

Кыргыз тили жана адабияты мугалимдери: Нуркалиева Н.Б. билими жогорку, Карасартова Э.Э. билими жогорку, Таалайбекова Н.Т билими бакалавр

Тарых мугалими: Термечикова Г.А. билими бакалавр

Сентябрь айында пландар жазылып, директор Нуркалиева Н.Б тарабынан бекитилди.

Сентябрь айында кыргыз тили күнүнө план иштелип чыгып, 1 айлык эне тил кунунө арналган иш-чаралар өткөрүлдү. Мында 5-11 класстар маданий иш чара уюштурулду жана дубал-газеталар илинип, "Эне тилим-эне сутүм" темасында дилбаяндар жазылып, презентациялар жазышты.

16-октябрдан 26-октябрга чейин кыргыз тили адабияты предметинин декадасы бекитилди. Декадада "Манас"эпосу жыйынтыктоо максатында 8-класстарга ачык сабак өткөрүлдү. "Билимдүүгө дүйнө жарык" интеллектуалдык оюну 7-класска өткөрүлдү. 5-класстын окуучулары эне тилин даңазалаган көрком окуулар менен бирге 6-11 презентация

жасашып, 9-класс "Кыргыз тили кылымдарды карыткан,эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан" аталышындагы симмуляциялык конференция өтүлдү.

5-ноябрдан 15-ноябрга чейин тарых предметинин декадасы болуп өттү. Мында " Биринчи дүйнөлүк согуш" темасында 9-класска ачык сабак өтүлдү. Кроссворд, викториналык суроолор класстарга берилип окуучулар активдүү катышты.

4-декабрь " Манас" эпосунун күнү белгиленип, класстарга маалыматтар ачык сабак өткөрүлдү.

12-декабрь Адабият күнүнө арналган " Адамзаттын Алыкулу, Чыңгызы: өтмүш, учур жана келечек" аталышындагы маданий иш-чара өткөрүлдү. Мында окуучулар тарыхка кайрылып, кыргыз, орус, англис тилдеринде ырларды айтып, чыгармалардын үзүндү аткарып беришти.

Олимпиадага орус тили жана адабияты сабагынан 11-класстын окуучусу Ишаева Чолпон,10-класстын окуучусу Байышова Айназик 9-класстын окуучусу Орозбекова Суданна катышып райондун грамотасын алды. Кыргыз тили жана адабияты сабагынан 8-класстын окуучусу Бакирова Нурай жана 11-класстын окуучусу Калыбеков Элдос жиберилди. Жыйынтыгында активдүү катышуучу Бакирова Нурай райондун грамотасын алды. Тарых сабагынан 11-класстын окуучусу Калысбек кызы Сезим барып катышты.

16-ноябрь райондук "Манас" таануу интеллектуалдык сынакта мектептин "Кабылан" командасы барып активдүүлүгүн көрсөтүп келишти. Команданын курамында 7-класстын окуучусу Ишенбеков Адиль, Асанбекова Рахат, Бакирова Нурай катышты, ыраазычылык билдирилди.

1-февралдан 10-феврага чейин орус тили жана адабияты сабагынан декада өткөрүлдү. Декадада бурч уюштурулуп, кызыктуу маалыматтар камтылды.Андан тышкары викториналар, кроссворддор, логикалык тапшырмалар берилген. "Мы учим стихи" темасында окуучулар арасында конкур өткөрүлдү. Мыктылары аныкталып, мактоого татыды. "Самый умный" жана "Лапти" темаларынын негизинде ачык сабактар өткөрүлдү.5-класс менен "Русский чай" класстан тышкаркы иш чара өткөрүлүп, "Буквы О, С" темасында ачык сабак болду. Декаданын жыйынтыгында мыкты окуучуларга ыраазычылык билдирилди.

14-февралдан 24-февралга чейин англис тили предметинин декадасы өткөрүлдү.Декаданынын максаты: англис тилине болгон кызыгуусун жана билим сапатын жогорулатуу, англис тилин үйрөнүүдө мотивацияны күчөтүү, сүйлөө жөндөмүн практикада колдонуу, окуучулардын соз байлыгын остүрүү жана маданий деңгээлин жогорулатуу.

14-февралда декада боюнча окуучуларга маалымат берүү менен бурч тузулүп, залга жайгаштырылды. Декада учурунда викториналар, кроссворддор, логикалык тапшырмалар беоилди. "Англис тилин сүйлөгөн өлкөлөр" темасында дубалгазеталар чыгарылды. 9-класс менен "holidays and celebration in USA" темасында ачык сабак өткөрүлдү. " Жети элдин тилин бил" чет өлкөдө билим алган Кыргызстандык студенттер менен мектеп окуучуларын шыктандыруу үчүн телекөпүрө уюштурулду. "ENGLISH PROVEBS"макал-лакаптар конкурсу өткөрүлдү. Жыйынтыгында эң активдүү катышкан окуучуларга ыраазычылык билдирилди.

7-апрель Элдик революциянын баатырларын эскерүү күнүндө окуучуларга маалыматтар берилип, бурч уюштурулду.

**Жыйынтык :**

2021-2022-окуу жылын аяктап жатабыз деп ойлоймун. Биздин балдарга берген билимибиз жугуштуу болуп, бүгүнкү глобалдашуу жана компьютерлештирүү заманында улутунун нарк-касилин жан дүйнөсүндө уялаткан, эли-жерин сүйгөн жаркын патриотторду, ары билимдүү, ары илимдүү, адептүү, маданияттуу инсандарды тарбиялоого бир аз да болсо өз салымыбызды кошуп келе жатканыбызга өтө кубанычтабыз. Өзүбүздүн интеллектибиз менен билимибизди күн сайын өнүктүрө билип, чыгармачылык жөндөмүбүздү арттыруу менен мезгилдин талабынан артта калбай Ата-Журтубуздун алдында өз милдетибизди аткарып, эне тилибизди, ата мурастарын урматтап сактоо менен урпактарга татыктуу өткөрүп берүү – өзүбүздүн ыйык парзыбыз деп эсептейбиз.